**Ленин районунун № 96 жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2020-2021–окуу жылындагы окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн башталгыч класстарынын кыргыз тили (мамлекеттик тил) жана кыргыз тили, адабияты усулдук бирикмесинин жарым жылдык иштелген иштеринин анализи**

**(аралыктан окутуу учуру)**

Жаңы окуу жылына карата кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин мугалимдер кеңешмеси болуп өттү. Бул кеңешмеде окуу жылына карата окуу китептери менен таанышуу, пландаштыруу, окуу жумуштарын бөлүштүрүү каралды. Ар бир мугалимдин методикалык темасы бекитилип, календардык пландар, мугалимдердин сандык – сапаттык курамы такталды. Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинде он эки мугалим эмгектенет. Жаш мугалим Сулайман кызы Нурзадага насаатчы Ажыканова Назира бекитилди. Окуу китептери менен мектеп окуучулары камсыз болушту.

2019 – 2020 – окуу жылында окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн башталгыч класстары төмөндөгүдөй толукталды: 1-и, 1-з, 2н, 2л, 3-м , 3-н, 3-л кл;

9-сентябрь Комуз күнүнө карата музыка мугалимдери тарабынан слайд жасалып окуучуларга жөнөтүлдү. Бул күнү комуз күүлөрү аудио уктуруу аркылуу уктурулду. Ар бир класста видео слайд менен класстык сааттар өтүлдү. Окуучулар класстык сааттардан комуздун тарыхын, жасалашын, белгилүү комузчулар жөнүндө кеңири маалымат алышты.


23-сентябрда 07.30да кыргыз тилинин гимни мектеп ичинде жаңырды. Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик тил жөнүндө» мыйзамынын 31 жылдыгына карата бурчтар уюштурулуп , 23-сентябрда 1- класстарга “Эне тилим-эне сүтүм” салтанаттуу линейка болуп өттү. Андан соң 1-класстар менен биргеликте кыргыз тили мугалимдери Жумашова А, Джумабаева А мектеп ичиндеги китепканага саякатка чыгышып, кыргыз тили майрамына арналган бурчтагы символикалар жана кыргызча адабий жомок китептер менен таанышып чыгышты. Китепканага болгон саякаттын максаты окуучулардын кыргыз тилге, кыргызча сүйлөөгө, кыргыз жазуучуларынын чыгармаларына кызыгуусун арттыруу. Ошондой эле 1- класстын окуучулары катышкан иш- чара болуп өттү. Бул иш-чарада окуучулар кыргыз тилине байланыштуу көркөм ырларды айтышты, таланттуу балдар “Манастан” үзүндү айтып беришти жана “Мен кыргыздын уулумун “ деген обондуу ырды ырдап беришти.






Ал эми аралыктан окутуу учурундагы 2-11-класстар үчүн биринчи сабакта видео слайд аркылуу “Улутту улут кылган - тил” аттуу класстык сааттар өтүлдү. Мамлекеттик тилдин 31 жылдыгына карата бир айлык иш жүргүзүүсүндө 9-класстар арасында “Кел кыргызча сүйлөшөлү” деген темада челлендж уюштурулган. Челлендж азыркы кырдаалга жараша балдар өз үйлөрүнөн чакырык ураан түрүндө патриоттук ырларды айтышты.

5-класстар арасында “Жомоктор дүйнөсүндө” аттуу иш чарада “Акылдуу дыйкан” жомогун аткарып беришти.

11-класстар үчүн “Сөз маанисин чече бил” аттуу интеллектуалдык оюн уюштурулду.


18-30- ноябрга чейин кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин декадасы онлайн форматта өткөрүлдү.


**Декаданын максаты:** окуучулардын кыргыз тили жана адабияты сабагына болгон кызыгуусун арттыруу, тилди сүйүүгө тарбиялоо, окуучулардын ой


жүгүртүүсүн өстүрүү, чыгармачылык шыктарын арттыруу , сабактан тышкары ар кандай иш чараларга тартуу.

Аралыктан окутуу шарттарына ылайык декаданын ачылышы боюнча видео слайд жасалды. Окуучуларга ар кандай онлайн “Мен акын болгум келет”, “Тамсилдер дүйнөсүндө” конкурстар уюштурулуп активдүү окуучулар жеңишке ээ болушту.


“Тест куржун” тесттик тапшырмалар жарыяланды. 5-6-7-класстар үчүн “Сабаттуулугуңду текшер ” тестине 587 окуучу катышса, 8-9-класстар үчүн “Сөз байлыгыңды текшер ” тестине 442 окуучу катышып, ал эми 10-11-класстарга “Мыкты окурман” тестине 136 окуучу катышып, өз билимдерин сынашты.









Мугалимдер сабактарын гугл миит программасы аркылуу жаңы методдорду колдонуу менен видео слайддарды жасап , түзүлгөн график боюнча ачык сабактарын өтүштү.








4-декабрь Манас күнүнө карата мектептин фойесиндеги Манас бурчунда "Улутум- кыргыз, ураaным Манас" аттуу жолугушуу өткөрүлдү.

Жолугушуунун максаты:

Окуучулар Манас айтуучулар менен жакындан баарлашып, манас айтуунун үлгүлөрүн көрүшүп, улуу аталарындай, агаларындай манасчылык өнөрдөң сабак алышты.

Иш-чарага Ленин райондук муниципиалдык администрациясынын башкы адиси – Бермет Каримовна, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссиясынын маалымат катчысы – Кутмырза Каленович, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министринин Мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун башчысы – Гульнара Умөтбековна , Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгынын башкы адиси – Жайнагүл Асановна,ЛБББ мамлекеттик тил боюнча жетектөөчү адиси – Калбүбү Джакыбалиевна , И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин Манас таануу кафедрасынын, кафедра башчысы- Таланбек Казыбаевич, манасчы Нурбек Талантбеков жана кыргыз тили , тарых предметтеринин мугалимдери ошондой эле аралыктан байланышка чыккан окуучулар катышышты.

Алгач Манас ийримине катышкан " Манас" айтууга кызыккан окуучулар

манас айтышты. Манас тануу кружогунун иштери боюнча слайд көрсөтүлдү.

Манасчыларга суроолорду берип жооп алышты, кызыктуу дискуссия болду.

Манасчы Нурбек Талантбеков " Манастан" үзүндү айтып берди.








08.12. кыргыз тили жана адабияты сабагынан мектеп ичинде олимпиада өткөрүлдү. 10- класстын окуучуларынан 6 окуучу катышып , дил баян жазышты. 1- орунга Турсуналиева Айдай, Уран к Батма, 2- орунга Жумагулова Айдай, 3- орунга Мамытова Э. ээ болушту.

11- класстан 4 окуучу катышып , дил баян жазышты. 1- орунга Калыкова Нурайым, Сүйүнбаева Алина , 3- орунга Чолпонбекова Азиза ээ болушту.




12-декабрь Адабият күнүнө карата белгилүү жазуучу, акын Ч.Айтматовдун, А.Осмоновдун чыгармачылыгына класстык саатка видео слайд жасалып, класстык сааттар өтүдү. “А. Осмоновду канчалык денгээлде билесиң?” деген темада окуучулардан тест алынды.




**Аралыктан окутуу учурунда 6-класстардан билим сапатын текшерүү максатында “Кымыз” деген темада жат жазуу иши алынды.**

| № | Классы | Билим сапаты | өздөштүрүүсү | жетишпейт |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 6-А | 43% | 93% | 7% |
| 2 | 6-Б | 44% | 88% | 12% |
| 3 | 6-В | 39% | 85% | 15% |
| 4 | 6-Г | 36% | 83% | 17% |
| 5 | 6-Д | 41% | 80% | 20% |
| 6 | 6-Ж | 35% | 89% | 11% |
| 7 | 6-Е | 38% | 84% | 16% |
| жалпы | 288 | 40% | 86% | 14% |

**8- класстардын билим сапатын текшерүү максатында кыргыз адабиятынан тесттик текшерүү алынып төмөнкү көрсөткүчтү көрсөттү:**

| № | Классы | Билим сапаты | өздөштүрүүсү | жетишпейт |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 8-а | 38% | 96% | 4% |
| 2 | 8-б | 39% | 93% | 7% |
| 3 | 8-в | 43% | 92% | 8% |
| 4 | 8-г | 40% | 100% | - |
| 5 | 8-д | 41% | 100% | - |
| | жалпы | 40% | 95% | 5% |

КРнын аймагында коронавирустун жайылышына жол бербөө жана кырдаалдын өнүгүшүнө бөгөт коюу чечимине ылайык 1-2-чейрек аралыктан окутууда

жүргүзүлдү. Аралыктан окутууда мугалимдер ZOOM, Telegram, WhatsApp ГУГЛ МИИТ программалары аркылуу сабак өтүштү.

Шаардык жана райондук семинарларга, иш-чараларга өз учурунда мугалимдер ZOOM программасы аркылуу катышып турушту.

Журналдардын толтурулушу, баа коюунун жыштыгы, дептерлерди текшерүү окуткан мугалимдер жана мектеп жетекчилиги тарабынан көзөмөл болуп турду.

Директор Асанова Г.Ж.

Мамлекеттик тил боюнча

директордун орун басары: Исмаилова Ж.М.